ОшМУнун математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун Окумуштуулар кеңешинин кезектеги отурумунун

# №10 ПРОТОКОЛУ

*25-июнь, 2025-жыл.*

*Төрага:* Б.А. Азимов

*Окумуштуу катчы:* З.Ж. Мурзакматова

*Катышкандар*: Окумуштуулар кеңешинин 51 мүчөсүнөн 41 мүчөсү катышты.

**Күн тартиби:**

1. Бүтүрүүчү курстардагы мамлекеттик аттестациялардын жыйынтыктары жана окутуунун натыйжаларын баалоо *(Баяндамачылар: МАКтын төрагалары);*
2. Институттагы окуу-таанышуу, компьютердик, адаптациялык, педагогикалык, өндүрүштүк, квалификациялык практикалардын абалы жана алдыдагы милдеттер *(Баяндамачылар: институттун практика боюнча жооптуулары А.Н. Мелисов, Э.Т. Авазова);*
3. 2025-2026-окуу жылына даярдык көрүү *(Баяндамачы: институттун директору, доцент Б.А. Азимов);*
4. Ар түрдүү маселелер.

| | **Кыскача мазмуну** | **Негизи** |
|---|---|---|
| | **Ар түрдүү маселелер** | |
| 1. | ИСП кафедрасынын доцентти Н.К. Аркабаев жана Ноокат районунун М. Гапаров гимназий-интернатынын информатика мугалими И.Б. Кошмурзаев тарабынан иштелип чыккан мектеп мугалимдери үчүн "Программалоо" олимпиадага даярдоо боюнча окуу-усулдук колдонмосун ОшМУнун Окумуштуулар кеңешине сунуштоо; | Окуу-усулдук колдонмосунун печаттык бөлүгү, ИСП кафедрасынын протоколунан көчүрмө, ички жана сырткы сын пикилер, институттун окуу-методикалык кеңешинин протоколунан көүрмө. |
| 2. | Жогорку математика жана инновациялык технологиялар кафедрасынын доценттери Д.И. Зулпукарова, У.А. Сопуев жана улук окутуучулар А.Т. Жакыпбекова, Н.Т. Сманова, Г.А. Кулчиновалар тарабынанан даярдалган медицина факультетинин 1-курстары үчүн "Тестовые задание по дисциплине цифровые технологии профессиональной деятельности" аталышындагы окуу колдонмосун ОшМУнун Окумуштуулар кеңешине сунуштоо; | Окуу колдонмонун печаттык бөлүгү, жогорку математика жана инновациялык технологиялар кафедрасынын протоколунан көчүрмө, ички жана сырткы сын пикилер, институттун окуу-методикалык кеңешинин протоколунан көүрмө. |
| 3. | Колдонмо математика, информатика жана графикалык дизайн кафедрасынын доценти, ф.-м.и.к. А.З. Пирматовдун "Математикческое моделирование и численная реализация решений нелокальных задач для нелинейных | Кафедранын протоколунан көчүрмө, илимий кеңешчисинин макулдук каты. |

| | | |
|---|---|---|
| | функционально-дифференциальных уравнений" аталышындагы доктордук диссертациясынын темасын жана илимий кеңешчиси ф.-м.и.д. профессор Юлдашев Турсин Камалдиновичти бектүү; | |
| 4. | Мехатроника жана робототехника багытында «Робототехника жана жасалма интеллект» профилин ачуу. | Next generation hubынын кеңейтилген жыйынынын протоколунан көчүрмө. |

*УГУЛДУ:* МФТИТ институтунун директору А.Б. Азимов күн тартиби боюнча каралуучу маселелер менен тааныштырып, колго салды. Регламент боюнча 1-маселе боюнча институтта жалпы 18 программа бар, ар бир программа боюнча 3-5 минутага чейин, 2-3-маселе боюнча 7-10 минутага чейин ал эми талкууларга 3-5 минутага чейин убакыт берүү сунушу түштү. Сунуш толугу менен колдооого алынды.

**1-маселе.**

УГУЛДУ: Бүтүрүүчү курстардагы мамлекеттик аттестациялардын жыйынтыктары жана окутуунун натыйжаларын баалоо боюнча ар бир программа боюнча МАКтын төрагаларынын билдирүүсү угулду.

Математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун Окумуштуулар кеңеши маселени талкуулап, төмөндөгүдөй **ТОКТОМ** кылат:

1. Бүтүрүүчү курстардагы мамлекеттик аттестациялардын жыйынтыктары боюнча комиссиянын төрагаларынын отчеттору канааттандыраарлык деп табылсын;
2. Бүтүрүүчү курстардагы мамлекеттик аттестациялардын жыйынтыктары боюнча комиссиянын төрагаларынын сунуштары эске алынсын жана бул сунуштарды аткаруу тиешелүү кафедра башчыларына милдеттендирилсин.

**2-маселе.**

УГУЛДУ: институттагы окуу-таанышуу, компьютердик, адаптациялык, педагогикалык, өндүрүштүк, квалификациялык практикалардын абалы жана алдыдагы милдеттери боюнча институттун практика боюнча жооптуулары, баяндамачылар А.Н. Мелисов, Э.Т. Авазовалардын отчеттору угулду.

*А.О. Абдувалиев (КИИК кафедрасынын доценти):* негизинен баяндамачылырдын отчеттору кеңири берилиптир, суроолор жок менде. Канааттандыраарлык деп баалаймын.

Математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун Окумуштуулар кеңеши маселени талкуулап, төмөндөгүдөй **ТОКТОМ** кылат:

1. Институттагы окуу-таанышуу, компьютердик, адаптациялык, педагогикалык, кесиптик-базалык, кесиптик-профилдик, өндүрүштүк, квалификациялык практикаларды уюштурууда жүргүзүлгөн иш-аракеттери боюнча МФТИТ институтунун практика жана карьера боюнча жооптуулары Э.Т. Авазованын, А.Н.Мелисовдун отчеттору канааттандыраарлык деп табылсын;
2. Сырттан окуу бөлүмдөрүндөгү практикалардын жүрүшүндө аралыктан иш алып баруу иш-аракеттерин өркүндөтүү практика жетекчилерине жүктөлсүн;

3. ОшМУнун ректорунун №1844-ФХД/25 (11.04.2025-ж.) буйругу менен бекитилген "Ош мамлекеттик университетинин студенттеринин педагогикалык практикаларын өткөрүү жөнүндө" жана "Практикаларды уюштуруу (кесиптик орто жана бакалавр багыттары боюнча педагогикалык эмес адистиктеринин билим берүү программалары үчүн)" жоболору боюнча аны ишке ашыруу жагы программа жетекчилерине милдеттендирилсин;
4. Ар бир багыт боюнча уюштурулган практикалардын графиги мекеме- ишканалардын сунушу менен алдын ала макулдашылып, графигин түзүү практика боюнча жооптууларга жүктөлсүн;
5. 2025-2026-окуу жылына карата практиканын күндөлүктөрүнүн электрондук варианттарын иштеп чыгуу практика жана карьера боюнча жооптуулар Э.Т. Авазовага жана А.Н. Мелисовго жүктөлсүн;
6. Институттун окуу процессиндеги практиканын графигин уюштуруу маселелери институттун директорунун орун басарлары доцент Т. Матисаковго жана доцент К. Абдумиталип уулуна жүктөлсүн.

**3-маселе.**

УГУЛДУ: 2025-2026-окуу жылына даярдык көрүү боюнча институттун директору, доцент Б.А. Азимовдун билдирүүсү угулду.

*Талкуу: А. Сопуев (институттун профессору):* жакшы аракеттер, пландар бар экен, директордун билдирүүсү эске алынсын.

**Ар түрдүү маселелер.**

а) МФТИТ институтунун информациялык системалар жана программалоо кафедрасынын доценти Н.К. Аркабаев жана Ноокат районунун М. Гапаров гимназия-интернатынын информатика мугалими И.Б. Кошмурзаев тарабынан иштелип чыккан мектеп мугалимдери үчүн Программалоо: олимпиадага даярдоо боюнча окуу-усулдук колдонмосун басмага сунуштоо.

*УГУЛДУ: Б.А. Азимов (жыйындын төрагасы, доцент):* информациялык системалара жана программалоо кафедрасынын доценти Н.К. Аркабаев жана Ноокат районунун М. Гапаров гимназия-интернатынын информатика мугалими И.Б. Кошмурзаев тарабынан иштелип чыккан мектеп мугалимдери үчүн Программалоо: олимпиадага даярдоо боюнча окуу-усулдук колдонмосун басмага сунуштоо маселеси кафедра тарабынан келип түштү. Окуу-усулдук колдонмого ички, сырткы сын пикирлер, ИСП кафедрасынын протоколунан, институттун окуу-методикалык кеңешинин протоколунан көчүрмөлөр, окуу колдонмонун печаттык бөлүгү тиркелген. Ошондуктан, бул окуу колдонмонун автору, доцент Н.К. Аркабаевге сөз берели.

*Н.К. Аркабаев (ИСП кафедрасынын доценти):* бул окуу-усулдук колдонмо программалоо боюнча олимпиадага мектеп окуучуларын даярдоо процессин системалуу уюштуруу үчүн мугалимдерге атайын ресурс катары иштелип чыкты. Мында олимпиадага даярдануунун ар тараптуу аспектилерин камтыган: потенциалдуу окуучуларды тандоо жана мотивациялоо, программалоо тилин тандоо, негизги алгоритмдер жана маалымат структуралары, окуу процессин уюштуруу, олимпиадалык маселелерди чечүү методикасы, прогрессти баалоо, мелдештерге катышуу, тажрыйба алмашуу ж.б.у.с. маалыматтар каралган. Колдонмонун жардамында мугалимдер программалоо боюнча олимпиадага даярдык планын түзүү, окуучулардын алгоритмдик ой жүгүртүүсүн өнүктүрүү жана райондук олимпиадалардан эл аралык деңгээлге чейин жеткирүү мүмкүнчүлүгүн ала алат.

А.Ж. Кудуев *(АССТ кафедрасынын башчысы, доцент):* авторлор бул окуу колдонмодо окуучуларды тандоодон баштап эл аралык олимпиадаларга катышууга чейинки бардык этаптарды камтыган комплекстүү көз карашты сунушташкан. Көпчүлүк мугалимдер үчүн бул колдонмо абдан пайдалуу, анткени кээде мугалимдер окуучуларды олимпиадага даярдоодо эмнеден баштоону, кандай ырааттуулукта баштоо керек ж.б. учурларда кыйналышат. Окуу-усулдук колдонмо теориялык материалдар менен чектелбестен, конкреттүү методикалык кеңештерди, сабактардын конспекттерин, машыгуу маселелерин жана практикалык тиркемелерди камтыган.

Мен бул окуу-усулдук колдонмонун ички сын пикирин берүүдө колдонмону абдан тыкаттык менен окуп чыктым жана мектеп мугалимдери, окуучулары үчүн эң пайдалуу колдонмо экендигин белгилеп кетким келет.

Окумуштуулар кеңешинин бардык мүчөлөрү бул сунушту бир добуштан колдошту жана **ЧЕЧИМ** кылды:

Информациялык системалар жана программалоо кафедрасынын доцентти Н.К. Аркабаев жана Ноокат районунун М. Гапаров гимназия-интернатынын информатика мугалими И.Б. Кошмурзаев тарабынан иштелип чыккан мектеп мугалимдери үчүн Программалоо: олимпиадага даярдоо боюнча окуу-усулдук колдонмосун басмага сунуштоосу ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын.

б) Математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун жогорку математика жана инновациялык технологиялар кафедрасынын доценттери Д.И. Зулпукарова, У.А. Сопуев жана улук окутуучулар А.Т. Жакыпбекова, Н.Т. Сманова, Г.А. Кулчиновалар тарабынанан даярдалган медицина факультетинин 1-курсунун студенттери үчүн "Тестовые задания по предмету цифровые технологии в профессиональной деятельности" аталышындагы окуу колдонмосун басмага сунуштоо.

*УГУЛДУ: Б.А. Азимов (жыйындын төрагасы, доцент):* жогорку математика жана инновациялык технологиялар кафедрасынын доценттери Д.И. Зулпукарова, У.А. Сопуев жана улук окутуучулар А.Т. Жакыпбекова, Н.Т. Сманова, Г.А. Кулчиновалар тарабынанан даярдалган медицина факультетинин 1-курсунун студенттери үчүн "Тестовые задания по предмету цифровые технологии в профессиональной деятельности" аталышындагы окуу колдонмосун басмага сунуштоо маселеси кафедра тарабынан келип түштү. Ички, сырткы сын пикирлер, жогорку математика жана инновациялык технологиялар кафедрасынын протоколунан, институттун окуу-методикалык кеңешинин протоколунан көчүрмөлөр, окуу колдонмонун печаттык бөлүгү тиркелген. Бул окуу колдонмонун авторлору отурушат, анда доцент Д.И. Зулпукаровага сөз берели.

*Д.И. Зулпукарова (жогорку математика жана инновациялык технологиялар кафедрасынын доценти):* медицина факультетинин 1-курсунун студенттери үчүн "Тестовые задания по предмету цифровые технологии в профессиональной деятельности" аталышындагы окуу колдонмосун кыргыз жана орус тилинде суроолор жооптору менен жазылган, кесиптик ишмердүүлүктөгү цифралык технологиялар предметинин бардык бөлүмдөрүн чагылдырган 400 суроодон турат. Бул колдонмону окутуучулар, студенттер жана цифралык технологияларга кызыккан бардык колдонуучулар үчүн пайдалуу колдонмо болот деп эсептеймин. Сиздерден бул окуу колдонмону басмадан чыгарууну колдоп берүүнүздөрдү суранам.

Т.М. Жолдошов *(КМИГД кафедрасынын башчысы, доцент):* авторлор тарабынан түзүлгөн окуу колдонмо студенттердин санариптик технологиялар боюнча теориялык билимдерин жана көндүмдөрүн баалоо үчүн арналган. Бул методикалык колдонмо санариптик технологиялар боюнча 400 тесттик суроолорду камтыган жана жооптору окуу колдонмонун аягында берилген.

Бул окуу колдонмо менен таанышып чыгып, заманбап билим берүү талабына жооп берген маанилүү эмгек экендигин эсептөөгө болот. Колдонмо санариптик технологиялар

жаатындагы билимдерди системалуу калыптандырууга багытталып, студенттердин өз алдынча ой жүгүртүүсүн, логикалык жана аналитикалык жөндөмдөрүн өбөлгө түзөт. Ошондуктан бул окуу колдонмону басмага сунуштайт элем.

Окумуштуулар кеңешинин бардык мүчөлөрү бул сунушту бир добуштан колдошту жана **ЧЕЧИМ** кылды:

Математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун жогорку математика жана инновациялык технологиялар кафедрасынын доценттери Д.И. Зулпукарова, У.А. Сопуев жана улук окутуучулар А.Т. Жакыпбекова, Н.Т. Сманова, Г.А. Кулчиновалар тарабынан даярдалган медицина факультетинин 1-курсунун студенттери үчүн “Тестовые задания по предмету цифровые технологии в профессиональной деятельности” аталышындагы окуу колдонмосун басмага сунуштоосу ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын.

в) Математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун колдонмо математика, информатика жана графикалык дизайн кафедрасынын доценти, физика-математика илимдеринин кандидаты Пирматов Абдыманап Зияйдиновичти “Математикческое моделирование и численная реализация решений нелокальных задач для нелинейных функционально-дифференциальных уравнений” аталышындагы доктордук диссертациясынын темасын бекитүү жөнүндө.

Математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун колдонмо математика, информатика жана графикалык дизайн кафедрасынын доценти, физика-математика илимдеринин кандидаты Пирматов Абдыманап Зияйдиновичти доктордук диссертациясына ф.-м.и.д., профессор Юлдашев Турсин Камалдиновичти илимий кеңешчисин бекитүү жөнүндө.

УГУЛДУ: колдонмо математика, информатика жана графикалык дизайн кафедрасынын доценти, физика-математика илимдеринин кандидаты Пирматов Абдыманап Зияйдиновичтин доценттик кызмат ордунда иштеп жаткан мезгили ичиндеги илимий-педагогикалык ишмердүүлүгү боюнча отчету угулду.

*Б.А. Азимов (жыйындын төрагасы, доцент):* КМИГД кафедрасынын доценти, ф.-м.и.к. Пирматов Абдыманап Зияйдинович КМИИГД кафедрасынын илимий кызматкери ф.-м.и.д., профессор Юлдашев Турсин Камалдиновичтин макулдугу менен “Математикческое моделирование и численная реализация решений нелокальных задач для нелинейных функционально-дифференциальных уравнений” аталышындагы доктордук диссертациясынын темасын талкууга салсак.

Учурда А.З. Пирматов доктордук диссертациясынын үстүнөн иштеп жатат. Окуу-усулдук жактан да көптөгөн ийгиликтерди жаратып, квалификациясын жогорулатып турат. Мен, КМИГД кафедрасынын доценти, ф.-м.и.к. Пирматов Абдыманап Зияйдиновичтин доктордук диссертациясынын темасы жана илимий кеңешчиси туура тандалган деп эсептейм.

*Т.Д. Асилбеков (КМИГД кафедрасынын доценти, ф.-м.и.к.):* мен ф.-м.и.к. доценти Пирматов Абдыманап Зияйдиновичтин өз ишине так, жоопкерчиликтүү, өз кесибинин мыктысы жана кесипкөйлүү мугалим катары билем. Сунушталган доктордук диссертациясынын темасы да өз адистигине карата коюлганы көрүнүп турат. А.З. Пирматов биздин башкы илимий кызматкерибиз ф.-м.и.д., профессор Юлдашев Турсин Камалдинович менен биргеликте кеңешип, темасын коюшкан. Мен колдоп берүүңүздөрдү суранам.

Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү бул сунушту талкуулап, бир добуштан колдоп, төмөндөгүдөй **ЧЕЧИМ** кылат:

1. Математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун колдонмо математика, информатика жана графикалык дизайн кафедрасынын доценти, физика-математика илимдеринин кандидаты Пирматов Абдыманап Зияйдиновичти “Математикческое моделирование и численная реализация решений нелокальных задач для нелинейных функционально-дифференциальных уравнений” аталышындагы доктордук диссертациясынын темасын бекитүү ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешинен суралсын.

2. Математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун колдонмо математика, информатика жана графикалык дизайн кафедрасынын доценти, физика-математика илимдеринин кандидаты Пирматов Абдыманап Зияйдиновичти доктордук диссертациясына ф.-м.и.д., профессор Юлдашев Турсин Камалдиновичти илимий кеңешчисин бекитүү жөнүндө институттун сунушун колдоп берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын.

г) Математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун "Next generation hub" борборунун Мехатроника жана робототехника багытында «Робототехника жана жасалма интеллект» профилин ачуу жөнүндө.

**УГУЛДУ**: Мехатроника жана робототехника багытында "Робототехника жана жасалма интеллект" профилин ачуу боюнча рыноктук талдоо жана актуалдуулугун талкуулоо маселеси каралды. Бул профилди ачуу заманбап технологиялык тенденцияларга жана Кыргызстандын экономикалык муктаждыктарына ылайык келет.

*Б.А. Азимов (институттун директору, доцент):* рыноктук талдоого ылайык, робототехника жана жасалма интеллект тармагы дүйнөлүк жана жергиликтүү рынокто тездик менен өнүгүп жатат. Дүйнөлүк рыноктун көлөмү 2030-жылга чейин 100 миллиард долларынан ашары күтүлүүдө, ал эми Кыргызстанда өнөр жай, айыл чарба, саламаттык сактоо жана логистика тармактарында бул багыттагы адистерге суроо-талап жогору. Жергиликтүү рынокто квалификациялуу адистердин жетишсиздиги байкалууда, бул жаңы профилди ачуунун зарылдыгын баса белгилейт.

*А.О. Абдувалиев (КИИК кафедрасынын доценти):* жакшы адистик ачылып жатыптыр заман талабына ылайык, быйыл кабыл алуу болсо кимдер окута алат?

Жооп: ар бир кафедрага тиешелүү дициплиналар бөлүнүп берилет.

*Ы. Ташполотов (энергетика кфедрасынын профессору):* жаңы адистик ачылып жатышы жакшы, кайсы кафедра тейлейт?

Жооп: азырынча эч кайсы кафедрага берилген эмес, "Next generation hub" борбору институттун карамагында иштеп жатат.

Математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун Окумуштуулар кеңешинин 51 мүчөсүнөн 41 мүчө ачык добуш берди:

"МАКУЛ" – 41, "КАРШЫ" – жок, "КАЛЫС" – жок.

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Математика, физика, техника жана информациялык технологиялар институтунун "Next generation hub" борборунун Мехатроника жана робототехника багытында «Робототехника жана жасалма интеллект» профилин ачуу жөнүндө маселе ОшМУнун Окумуштуулар кеңешине сунуш кылынсын.

2. Бул токтомду колдоо жагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын.

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы — Б.А. Азимов

Окумуштуу катчы — З.Ж. Мурзакматова

МАТЕМАТИКА, ФИЗИКА, ТЕХНИКА ЖАНА ИНФОРМАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР ИНСТИТУТУ